DOI:10.26104/NNTIK.2022.53.91.068

*Толубаева Ч.Д., Иманалиева А.*

# «СЕМЕТЕЙ» ЭПОСУНДАГЫ ПСИХОЛОГИЗМ

*Толубаева Ч.Д., Иманалиева А.*

# ПСИХОЛОГИЗМ В ЭПОСЕ «СЕМЕТЕЙ»

*Ch. Tolubaeva, A. Imanalieva*

# PSYCHOLOGISM IN THE EPIC «SEMETEY»

*УДК: 801.81*

*Көркөм адабияттын башкы милдети адамды изилдөө болгондон кийин мейли эпостук чыгарма болсун андагы каармандардын кулк-мүнөзүн, кыял-жоругун изилдөө психологизм маселесине байланыштуу каралат. Андыктан макалада «Семетей» эпосундагы психологизм иликтөөгө алынды. Манас баатырдын трагедиялуу өлүмүнөн кийин кыргыз эли жана баатырдын жары Каныкей оор турмуштук сыноолорду башынан кечирет. Ошондой оор учурлардагы Каныкейдин, Чыйырдынын психологиялык абалы пихологизмдин активдүү каражаттарынын бири монолог, диологдор аркылуу изилденди. Ошондой эле кырк жигиттин Абыке, Көбөшкө түз эле баш ийип бербеген психологиялык толгонуулары, алардын Манас тирүү кезинде кандай кырк жигитке айланганын эстеген кептери, Көбөш менен кайым айтышуу диалогу өтө кызыктуу. Илимий макалада каармандардын ички абалдары психологизм маселесинин каражаттары менен изилденди.*

***Негизги сөздөр:*** *эпос, монолог, психологизм, диалог, баатыр, трагедия, кыргыз эли, көркөм адабият.*

*Изучение человека является основной задачей художественной литературы, изучение характера и фантазии персонажей любого эпического произведения рассматривается как проблема психологизма. Поэтому в статье исследуется психологизм эпоса «Семетей». После трагической гибели богатыря Манаса киргизский народ и вдова богатыря Каныкей проживают тяжелые жизненные испытания. Через активных элементов проблемы психологизма монолога и диолога изучалось психологическое состояние Каныкея, Чыйырды, Бакая и Семетей. А также интересны психологическое волнение сорока витязей, не подчинившихся непосредственно Абыке и Кобошу, их воспоминания о том, как они стали сорока витязами при жизни Манаса и диалог с Кобошем. В научной статье внутренние состояния героев исследуются с помощью активными средствами проблемы психологизма.*

***Ключевые слова:*** *эпос, монолог, психологизм, диалог, богатырь, трагедия, кыргызский народ, художественная литература.*

*The study of man is the main task of fiction, the study of the character and fantasy of the characters of any epic creation is considered as a problem of psychology. Therefore, the article explores the psychology of the epic «Semetey». After the tragic death of the hero Manas, the Kyrgyz people and Kanycei live through difficult life trials. Through monologues and dialogues, the psychological state of one of the active elements of Kanykey, Chiyir was studied. Also interesting are the psychological excitement of the forty knights who did not directly obey Abyka and Kobosh, their memories of how they became forty knights during the life of Manas and the dialogue with Kobosh. In a scientific article, the internal states of the heroes are explored with active means of the problem of psychologism.*

***Key words:*** *epic, monologue, psychologism, fiction, dialogue, tragedy, kyrgyz people, hero.*

«Манас» эпосунун эң башкы идеясы – кыргыз элинин эркиндиги, көз карансыздыгын сактоо жана мекенди сүйүү. Бирок «Манас» эпосу Манастын жана баатырлар – Алманбет, Чубак, Сыргактардын трагедиялуу өлүмү менен аяктайт. «Кулаалы таптап куш кылып, курама кылып журт кылган» Манастын өлүмү анын үй бүлөсүнө жана карапайым кыргыз элинин тагдырына залакасы тийет. Андыктан Манас баатырдын уулу Семетейдин жана таландыга түшкөн кыргыз элинин тагдыры кандай болду деген угуучулардын жан дүйнөсүнө бүлүк түшөт. Ошентип «Манас» эпосунун уландысы «Семетей «эпосунун жаралышы шарттуу болгон.

«Семетей» эпосу эки чоң китептен турат. Эпос Манас баатырдын өлгөнүнө кырк күн толо электе, кадырлап анын ашын бере электе Жакып менен Бакдөөлөттөн туулган алты бир тууганды байлыкка, бийликке болгон ачкөздүгү, элди коргоого алмак түгүл, тоноого өткөн окуялары менен башталат. Баатырдын жесири Каныкейдин кийинки турмушунан чоочулаган психологиялык абалы терең жана курч баяндалат. Эпостун башталышынан аягына чейин психологизмдин активдүү каражатынын бири – монолог аркылуу Каныкейдин, Чыйырдынын, Бакайдын, Семетейдин тагдыры баяндалат.

Каармандардын жан дүйнөсүн турмуштук ар кандай кырдаалдагы психологиялык абалын чагылдыруу жазуучунун чеберчилигине жатат. Ал эми эпостук чыгармаларда деле айтуучунун чеберчилигине жараша каармандардын толгонуулары, психологиялык ички абалы сүрөттөлөт. Деги эле психологизм маселесине кайрылганда эпостук чыгармаларда көркөм чыгармалардай каармандын ички жан дүйнөсүн чагылдырууда мимикалык кыймылдар көрсөтүлбөйт. Бирок каармандын ички жан дүйнөсүндөгү толгонууларды берүүдө психологизмдин активдүү каражаттары болуп эсептелген монолог, диалог, кептин түрлөрү аркылуу каармандардын учурга жараша психологиялык абалын, жан дүйнөсүндөгү өзгөрүүлөрдү белгилөөгө болот. Бул өзгөчө «Семетей» эпосунда терең чагылдырылат. Манастын өлгөнүнө кырк күн толо электе Каныкейди алты арамдын бийлигинин астында ордосун чаап, өзүн жарадар кылып кетет. Мындай оор соккуну Каныкейдин жан дүйнөсүндөгү трагедиялык толгонуулар менен көрүүгө болот. Ошондой оор тур-

муштук сыноолорго туруштук берген Каныкейдин, Чыйырдынын психологиялык абалын чагылдыруу манасчынын чоң айтуучулук чеберчилиги менен бааланат. Алыс барбай эле эпостун башталышындагы кырк жигиттин сүйлөшүү диалогундагы алардын ошол учурдагы жан дүйнөлөрүндөгү кыйналуулар, Абыке, Көбөштүн буйругуна дароо эле баш ийип берген учурду байкоого болот. Манас тирүү кезинде ар бирине астына ат, үстүнө үй, аялы жокко өмүрлүк жубайына нике кыйып, үй бүлөлүү кылганын эстешет. Керек болсо Ырчы уулдун кырк жигитке кайрылып, алардын туура эмес кылып жатканын айтып, Манас тирүү кезинде алар үчүн эч нерсе аябаганын, ар бир жоортулда эсепсиз малга, алтын-күмүшкө маарышканын, Каныкейдин колунан ар түрдүү даамды эле татпастан, алар үчүн күл азык, жоокердик кийимдерди кийгенин айтып, акыры акыретке барганда Манастын арбагы аларды кара эшек кылып минбесин эскертет. Каңгайдан келген жоону чаап жаткансып, курал жарак менен барбай, андан көрө баатырдан калган белек – Семетейди медер тутуп аны колдойлу деген сунушун айткан узак монологу өтө таасирдүү.

«Унуттуңар, кырк чоро,
Кыямат кеткен төрөңдү,
Эми кантип талап алабыз,
Таластагы Каныкей өңдүү энеңди?
Ант урса. Бизди урбайбы,
Арбак бизди сорбойбу?!
Атаңдын көрү кырк чоро,
Кыркың кырк жерден келген ит элең,
Кыямат кеткен достуңа
Кылчайбай койдук моминтип» [4, 33-б.]

Ойлочу гана чоро, кебимди,
О дүйнө кеткен Манаска
Айтылмышы чын болсо,
Биз кара эшек болуп калбайлык.
Тузу асыл Манастын
Биз тузун гана кантип унуттук !
Арбагы артык Манастын
Арбагын кантип таштайбыз,
Тулпардан калган туякты,
Туу казына чунакты,
Балтыр бешик балага
Биз кантип эле бузук баштайлык?!
Бет алып чыккан тоо барбы?
Баарыбыз белсенип калган экенбиз,
Кырк чоро, Бээжинден келген жоо барбы?
Камынып айза алыпсың,
Жетим менен жесирге
Бет алып гана жүрүп калыпсың,
Кашаты бийик коо барбы,
Кан Коңурбай баш болуп,
Каңгайдан чыккан жоо барбы? [4, 34-б.]

Кырк жигит Ырамандын ырчы уулу айткан кепти угуп турушса да, Көбөштүн бийлигине баш ийип берет. Ушундай Кыргылчал сыяктуу каармандар Манасты унутуп Көбөштөп ураан чакырып калат. Кырк жигиттин бул сыяктуу жосунсуз жоруктары адам баласындагы ачкөздүк, көрө албастык жана жаңы бийликти кубаттоо ар дайым болуп келгендигинен кабар берет. Маселе «Семетей» эпосундагы психологизм болуп жаткандан кийин ошол каармандардын кулкмүнөзүндөгү жосунсуз жоруктар аркылуу башка каармандардын жан дүйнөсүндөгү толгонуулар ошол учурдагы психологиялык абалы билинип жатат.

Ушул сыяктуу эле Каныкейдин аялдык тагдыры, энелик ролу бул эпосто укмуштуудай берилет. Каныкей зордук менен багындыргысы келген Абыке, Көбөштөргө каршы турат. Манастын барындагыдай Каныкейди кул-күңдөр да барктабайт. Анткени анын ийниндеги жылаңач бала кулагына алдыда болчу окуялар жөнүндө айтып турат. Төрөлгөнүнө алты ай болгон Семетейдин амандыгы үчүн жанын курман кылууга даяр. Семетейди аман алып калыш үчүн айлакерлик менен экөө бир күндө туулган күңдүн уулу Жообузарды энесинен сурайт. Бирок кара күң Каныкейге каяша айтат. Мына ушундай эпостун биринчи китеби каармандардын диалогдорунан, узак кептеринен куралып алардын учурдагы психологиялык абалынан, ички жан дүйнөлөрүндө толгонууларды чагылдырат. Окумуштуу С. Байгазиевдин «Манас» эпосундагы манасчынын чеберчилиги өзүнүн бийик нокотуна чейин өсүп барганын, каармандардын толгонууларын жана санаркоолорун мыкты бергенин баса белгилегенин дагы бир жолу айтпай коюга мүмкүн эмес. Анткени «Семетей» эпосу дал окумуштуу С. Байгазиев айткан баалуу пикирин ырастап, каармандардын санаркоолорун, ички толгонууларынан турган эпос деп айтсак туура болоор.

«Кара күңдүн колунан
«Эми өлөйүн»деп ой кылып,
Кабыргасы сөгүлдү,
Көңүлү гана жаман бөлүндү:
«Кабылан төрөм, өлбөй кал!»
О, кудай, казды кушка жегиздиң,
Колумда Кара күңүмө
Мени карабет долу дегиздиң,
Куу дегенде кайран куш
Кулаалыга жегиздиң,
Курдашым төрөм, өлбөй кал!
Курбу, курдаш, абысын
Мени куураган катын дегиздиң.

Манастын өлүмү менен кул-күңда Каныкейге каяша кылат. Мурда ийилип, сөзүн эки кылбаган кол астындагы адамдардын өзгөрүлүшү Каныкейдин жан дүйнөсүнө бүлүк түшүрүп сар-санаага батырып жатат. Каныкей баатыр Манас менен бийик аброй күтүп,

калк арасына сый урматка ээ болгон. Эми минтип баатырдын өлүмүнөн кийин анын сөзүн сөз дебей, куураган катынга айланганы үчүн ичи күйүп, бушайман эле болбостон, кудайга жалбарып арманын айтууга муктаж болот.

Ал эми төмөндө биз мисалга алган үзүндүдө Каныкейдин Чыйырдыга кайрылып Семетейди аман алып калуу үчүн болгон аракетин кылат. Чыйырды Абыке, Көбөш кантип эле Манастын энесине кол салаарына ишенбейт. Сексенге чыккан Чыйырды араң басып, Семетейди бооруна кысып, моло таштай бозоруп, жетимди аман алып калуу үчүн бар күчүн жыйнап, мууну бошоп, боздоп ыйлайт, алы жок баса албай Кайыпчынын Кара-Үңкүргө жашынат. Каныкей айлакерлик менен экөөнү качырып жиберет.

«Энеке, Таластай боюң жашырчы,
Энеке, жалгызыңды качырчы!
Кең-Колдой боюң жашырчы,
Энеке кесири тийип кетет ко,
Ажалы гана минтип жетет ко,
Энеке, жетимиңди качырчы!?
Будурмак кирип корголо,
Буйругу экен кудайдын,
Энеке, алдырып койсоң жаманат,
Энекем менен жетимим
О, кудай, бир өзүңө аманат!»
«Ээй, кагылайын, энеке,
Өзөн бойлой кондук, ээ!
Асылымдан айрылып,
Энеке, өрт өчкөндөй болдук ээ!
Энеке, аякка түштү темир тор,
Энеке маңдайга келди калың шор
Кара белес, жылгадан,
Кайрыла турган кез келди.
Кан төрөдөн калган баладан
Энеке, айрыла турган кез келди! [4, 37-б.].

«Семетей» эпосунун биринчи китеби Каныкейдин баатырдан калган белекти аман-эсен чоңойтуу үчүн далай азап-тозокторду башынан кечиргенин каармандардын узак монологдорунан, сүйлөшүү диалогдору аркылуу көрүүгө болот. Ошондой эле бир катар окумуштуулар С. Байгазиев, С. Мусаевдер эпостогу көркөм ыкманын бири монолог экенин белгилейт: «из общеизвестных художественных приемов в эпосе особенно широко используются авторское повествование и речи-монологи персонажей; велика также роль описания. Через монологи передаются взаимоотношения персонажей друг с другом, их оценка того или иного сабытия и др., объясняются их действия, поступки» [4, 182-б.] деп белгилейт. Ырас, «Семетей» эпосу Каныкейдин, Бакайдын, Чыйырдынын узак монологдорунан турат. Каныкейдин Семетейди аман алып калуу үчүн төркүнүн көздөй ач-жылаңач, жоо-жарагы жок аргасыздан качууга муктаж болот. Кыргыз эли-жери менен коштошуу оңойго турган эмес. Букарага жеткенге чейин адам чыдагыс оор тозокторду жеңип өтөт. Мындай улуу сыноолорду манасчы Каныкейдин узак монологдору, Чыйырдынын, Бакайдын монологдору аркылуу берген. Дегеле «Семетей» эпосунун сюжеттик өнүгүүсү каармандардын кеби-монологдор аркылуу өнүгөт. Окумуштуу А. Абдыразаков: «Кыргыз элинин эпостору башка элдин эпосторуна салыштырганда көркөмдүк жактан жетилип, өнүгүүнүн жогорку формасына өсүп жеткен. Жазма адабияты болбогон кыргыз эли үчүн эпостор жазма адабияттын ролун аткарып келгендиктен, көркөмдүк жактан өнүгүүнүн жогорку стадиясына көтөрүлө алган. Айрыкча «Манас» эпосу көлөмү жагынан да көркөмдүгү жагынан да дүйнөдө теңдеши жок чыгармалардан экени белгилүү. Манаста башка элдердин эпосторунан кескин айырма, андагы психологизмдин тереңирээк берилишинде (эпостун табиятына байланыштуу караганда) жатат» [1, 7-б.] деп, айтканы жөндүү. Үчилтиктин «Манас», «Семетей» бөлүктөрүндө психологизмдин алгачкы элементтери монолог, ички кеп, каармандардын диалогдору аркылуу алардын психологиялык ахыбалдары берилет. Ошондой эле көркөм деңгээли, өзгөчө карамандардын ички дүйнөсүн берүү жагынан психологизмдин каражаты монолог аркылуу ишке ашат.

Натыйжада «Семетей» эпосунда психологизм терең орун алган. Ошондой эле эпостогу активдүү ыкмалар болуп, каармандардын кептери, баяндоо жана монологдор кызмат кылат. Бул психологизмдин каражаттары аркылуу каармандардын жан дүйнөсү, психологиялык толгонуулары терең берилет.

**Адабияттар:**


1. Ауэзов М. О времени возникновения эпоса «Манас». - В кн: Энциклопедический феномен эпоса «Манас», 1995.
2. Абдыразаков А. Көркөм адабият менен «Манас» эпосундагы психологизм маселеси. Китепте: Азыркы адабияттаануу жана фольклористика маселелери.
3. Байгазиев С. Улуу «Манас» эпопеясы-дүйнөлүк көркөм маданияттын өчпөс жылдызы. - Бишкек, 2016.
4. Мусаев С. Эпос «Манас». - Фрунзе, 1979.
5. Семетей С. Каралаевдин варианты боюнча. I китеп. - Фрунзе, 1987.
6. Описание эпизода «Повествование об Алманбете в эпосе «Манас». / Известия вузов Кыргызстана. ISSN 1694-7681. №2, 2019. - Бишкек: 2019. - С. 201-205. http://www.science-journal.kg/ru/journal/2/2019/2/